**УДК 364-054.7(575.2) (04)**
**DOI 10.53473/16946324_2023_3**

**Табалдиева С.Ж.**
ЖММнин 1-курсунун магистранты
Кыргыз Республикасынын эл аралык университети
**Табалдиева С.Ж.**
магистрант 1 курса ВШМ
Международный университет Кыргызской Республики
**Tabaldieva S.Zh.**
1st year undergraduate GSOM
**mobile phone:** +996 550 816 816
**e-mail:**jumadilsalta@mail.ru
**Н.Чыныбаева,**
Кыргыз Республикасынын эл аралык университети
Эл аралык кызматташтык жана политология
кафедрасынын ю.и.к., доцентинин м.а.,
**Н.Чыныбаева,**
к.ю.н., и.о.доцента кафедры Международного,
предпринимательского права и политологии
Международный университет Кыргызской Республики
**Chynybaeva N.,**
Ph.D. (Law), Acting Associate Professor
of the Department of International,
Business Law and Political Science,
International University of the Kyrgyz Republic
**mobile phone**: +996(559)101842
**e-mail:** Chynybaeva.nurgul.j@gmail.com

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭМГЕК МИГРАНТТАРЫНЫН ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК БАЛДАРЫНЫН УКУКТАРЫ

# ПРАВА НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ ДЕТЕЙ ТРУДОВЫХ МИГРАНТОВ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

# RIGHTS OF MINOR CHILDREN OF LABOR MIGRANTS IN THE KYRGYZ REPUBLIC

---

***Аннотация:*** *Бул илимий макалада Кыргыз Республикасындагы жалпы балдар укуктарынын сакталышы жана талаптарынын аткарылышы каралган. Айрыкча эмгек мигранттарынын балдарынын укуктары толук турдо сакталбай кысымга дуушар болуп жаткандыгы жонундо кыскача маалымат берилген. Ошондой эле автор жалпы кыргыз мамлекетинин жарандарын балдар укуктарынын бузуусуна жол бербесине чакырууда.*

***Негизги создор:*** *бала укугу, эмгек миграциясы, буллинг, мониторинг, статистика.*

***Аннотация:*** *В данной научной статье речь идет о соблюдении и выполнении требований общих прав детей в Кыргызской Республике. В частности, была дана краткая информация о том, что права детей трудовых мигрантов не соблюдаются в полной мере и на них оказывается давление. Также автор призывает граждан всего Кыргызского государства не допускать нарушения прав детей.*

***Ключевые слова: п****рава ребенка, трудовая миграция, буллинг, мониторинг, статистика.*
***Abstract:** This scientific article deals with the observance and fulfillment of the requirements of general children's rights in the Kyrgyz Republic. In particular, brief information was given about the fact that the rights of children of migrant workers are not being fully respected and they are under pressure. Also, the author calls on the citizens of the entire Kyrgyz state to prevent the violation of children's rights.*
***Keywords:** child rights, labor migration, bullying, monitoring, statistics.*

1991-жылдын 31-августунан тартып эгемендуу Кыргызстандын жаны тарых баракчасынын башталышы менен жаны маселелердин туулушуна себеп болду. Шаарларда иштеп аткан ондурушканалар токтоп, айыл жергесиндеги колхоздор жойулуп элдин калын катмары жумушсуз калышкан. Мамлекеттин элди социалдык жактан камсыз кылуу жана колдоосу да кескин озгорууго дуушар болгон. СССР убагындагыдай бекер медицциналык тейлоо, бекер билим алуу жокко чыгып, канаттандырарлык дэнгелде элге жеткиликтуу болбой калган. Мындай кырдаал айрыкча балалуу уй-б521олорго оор соку болду. Жумушсуз калган жарандар уй-булолук абалын жакшыртуу максатында иш издеп балдарын чон ата, чон апа, тай эне, тай ата, туугандарынына, кээ бир учурларда тааныштарына таштап жакынкы конушу мамлекеттерге кетууго мажбур болушкан. Ошондон улам калк ичинде ички жана тышкы миграция куч алган. 30 жылдан ашуун убакыттын ичинде Кыргызстандын коптогон айылдарынын калкынын басымдуу болугу чет олкодо эмгектенип журушот. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын корсоткучтору боюнча акыркы жылдар аралыгында чет олкодо 1,3 млн мекендештерибиз эмгектенишет. Улуттук комитеттин статистикасына таянсак ишке жарамдуу ар бир бешинчи кыргызстандык эмгек мигранты болуп саналат. Алар Орусия, Казахстан, Турция мамлекеттеринде эмгектенишет. Кыргызстанда ал мигранттардын 250 минден ашуун балдары калышкан жана жылдар бою ата-энелери менен корушпой жашап атышат.

Бул жагдай коомдо эмгек мигранттарынын балдарынын ордун алда канча аянычтуу корунушко айлантты.Конституцияда балдар укугун коргоп, талаптарын камсыз кылууга тиешелуу мыйзамдар, токтомдор, жоболор бекитилгени менен толук кандуу иштебей атканы окундурот.Мындай учурларда балдардын укугу одоно бузулууга дуушар болгон жана болуп келуудо.Акыркы учурда балдарга карата уй-булолук зордук зомбулук кобойуп, коп эсеси ачылбай комускодо калууда. Андан тышкары айрым учурларда мектепте, кочодо, социалдык тармактар аркылуу буллунг (кодулоо, кугунтукка алуу, басмырлоо) балдардын укугу тебеленип келет.  Анын ичинде сексуалдык зордук зомбулук корсотуу фактылары да жок эмес тилекке каршы. Азыркы тапка чейин эмгек миграциясында жургон мекендештерибиздин балдарынын статусу жок жана мыйзам тараптан эч бир чара коруло элек. Бул деген мамлекеттин балдарды коргоо ролун толук турдо аткарбай атканын коргозуудо. Ата-энелер оз жоопкерчилигин балдар алдында сезбей жана аткарбай жатышат. Коом дагы кайдыгер мамиле кылууда.

Торолгон тартып ар бир бала – ата-энесинин камкордугуна, жашоо укугуна, билим алуу укугуна, тандоо укугуна ээ болот жана абадай муктаж.

**Кыргызстанда алар бир нече документте жазылган:**

- Балдар жөнүндө кодексте,
- Баланын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясында,
- Үй-бүлө кодексинде,
- КР Конституциясында.

Жогорудагы документтердин ар бири баланын үй-бүлөгө, коргоого, билим берүүгө жана башкаларга укугу бар экенин аныктайт. Бала төрөлгөндөн кийин дароо эле каттоого алынууга тийиш. Руханий компоненттер тууралуу айта турган болсок, бала, бардык эле чоң кишилер сыяктуу өнүгүүгө, сый-урматка, ошондой эле:

- туугандар менен байланышууга;

- жеке укуктары менен кызыкчылыктарын коргоого, анын ичинде ата-энеси тарабынан көрсөтүлгөн кыянаттыктан коргонууга;
- жеке ой-пикирин билдирүүгө укуктуу.

Материалдык өңүткө келе турган болсок, мыйзамдарда жашы жете элек кыргызстандыктын төмөнкүлөргө укугу бар экени жазылган:

- багуу жана кам көрүүгө,
- турак жайга.

**Ата-энелер кандай милдеттерди аткарууга тийиш?**

2018-жылдагы маалымат боюнча, Кыргызстандагы балдардын 77%ы гана ата-энеси менен жашаса, 8%ы алардын камкордугу жок калган. Бул көрсөткүчтөр 2014-2019-жылдарда Баланын укуктары жөнүндө Конвенциянын аткарылышы боюнча бешинчи мезгилдик докладда берилген.

Мыйзам боюнча, ата-эне баланын түздөн-түз тарбиячысы катары, анын ар тараптуу өнүгүүсү, билим алуусу, тарбиялануусу, ден соолугун чыңдоосу үчүн керектүү шарттарды түзүп берүүгө тийиш. Ошондой эле келечекте баланы өз алдынча жашоого даярдоо аракети да ата-эненин милдетине кирет.

Үй-бүлө кодексине ылайык, ата-эненин экөө тең бирдей даражада баласын тарбиялоого жана анын өсүп-өнүгүүсүн камсыздоого милдеттүү. Баланын физикалык жана психологиялык саламаттыгына зыян келтирүүгө алардын эч кандай укугу жок. Ал эми ата-эне өз милдеттерин аткарбаса, анда жоопко тартылышат. Балдарына карата өз милдеттерин аткарбаган ата-эненин жоопкерчилиги 3 мыйзамдык актта жазылган. Алар төмөнкүлөр:

- Административдик кодекс:

– эгер тарбиялоо жана окутуу боюнча милдеттер аткарылбай жатса 300 сомдон 500 сомго чейин,

– тарбиялоо жана окутуу боюнча милдеттер карасанатайлык менен аткарылбаса – 8 саатка коомдук иштерге тартуу менен 500 сомдон 1000 сомго чейин,

– баланын алкоголь, баңгизат колдонуусуна, селсаяктык же тилемчилик кылуусуна алып келген аракеттер – 1000 сомдон 2000 сомго чейин.

- Үй-бүлө кодексинде төмөнкү учурларда ата-эне укугун чектөө же андан ажыратуу каралган:

– алимент төлөөдөн качууну кошуп, өз милдеттерин аткарбоо,

– жүйөлүү себепсиз баланы төрөт үйүнөн же ушуга окшош мекемелерден алып кетүүдөн баш тартуу,

– укуктарын кыянаттык менен колдонуу,

– балдарга аёосуз, катаал мамиле кылуу жана аларга физикалык, психикалык жана сексуалдык зомбулук көрсөтүү,

– баланын же жубайынын өмүрүнө жана ден соолугуна каршы атайы кылмыш жасоо,

– балдардын селсаяктык кылуусуна жол берүү,

– оор шарттарда иштөөгө мажбурлоо,

– өнөкөт аракечтик же баңгилик оорулары менен жабыркоо.

- Жазык кодексинде милдеттерди аткарбоо катаал мамиле менен коштолгон учурда төмөнкүдөй жаза каралган:

– 5000 сомдон 10 000 сомго чейин айыппул же 2 жылдык мөөнөткө түзөтүү иштери, же болбосо 2 жылга эркиндигин чектөө же үч жылга чейин белгилүү бир кызматтарда иштөө укугун алып салуу менен ушул эле мөөнөткө эркинен ажыратуу.

**Мамлекет эмнелерге милдеттүү?**

Мамлекеттин милдетине үч башкы түзүүчү кирет: саламатттыкты сактоо, билим берүү жана коргоо.

Тизмедеги биринчи эле орунда саламаттыкты сактоо турат. Ар бир бала жеткиликтүү квалификациялуу медициналык жардам алууга укуктуу.

Экинчиси – мектепте да, бала бакчада да акысыз билим алуу укугу. Балдардын билим алуу мүмкүндүгүн чектеген башкы себептердин катарына жеке, үй-бүлөлүк жана социалдык факторлор кирет. Алардын ичинде акча табуу, ата-энелердин акча табуу максатында сырт жактарга кетүүсү, мындан улам өспүрүмдөрдүн өздөрүнөн кичүү бөбөктөрүнө камкорчулук кылып, аларды багуусу, балдардын ар кандай оорулары, майыптуулук, түрдүү укук бузуулар жана башкалар бар.

Статистика боюнча, республикада башталгыч жана негизги билим берүү мекемелерине баруу көрсөткүчү Баткен областынан тышкары бардык аймактарда жогору экендиги байкалат (92%). Жогорку класстагы окуучулардын мектепке барууларынын төмөнүрөөк көрсөткүчтөрү Ош шаарына (78%), Чүй жана Ош областтарына (79%дан) таандык.

Өкмөт ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар жашы жеткенде, аларга жыл сайын жогорку окуу жайларынан акысыз билим алуу үчүн квота берип турууга милдеттүү.

Коргоого жана турак жайга ар бир баланын укугу бар. Мамлекет баланын жеке кол тийбестигин камсыздоого, анын ичинде физикалык, психикалык жана сексуалдык зомбулуктан, ырайымсыз жана одоно мамилелерден коргоого милдеттүү.

**Канча жашка чейинки балдардын иштөөсүнө тыюу салынат?**

16 жашка чейин. Бул курак жумушка алуудагы Эмгек кодексинде белгиленген минималдуу курак. Минималдуу курактык босогону төмөнкү жагдайларда төмөндөтүүгө жол берилет:

- Өзгөчө абалдарда уюм кызматкерлеринин өкүлчүлүк органы же эмгек тармагында ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуунун негизинде 15 жаштан баштап;
- Окуудан тышкаркы убактарда ден соолукка зыян келтирбеген жана окуу процессин бузбаган жеңил жумушта иштөөсү үчүн ата-энесинин биринин (багуучусунун, камкорчусунун) же камкордук органынын макулдугу менен 14 жаштан баштап.

Бирок Эмгек кодексинде 18 жашка чейин төмөнкүлөрдү колдонууга тыюу салынат:

- ден соолукка жана өсүп-өнүгүүсүнө зыян келтириши мүмкүн болгон балдар эмгегин,
- жеке менчик формасына карабастан мажбурлоочу балдар эмгегин,
- зыяндуу өндүрүштө эмгектенүүнү,
- оор жүктөрдү көтөрүү менен байланышкан ар кандай жумуштарды.

Балдар эмгегин пайдалануунун мамлекеттик көзөмөлдөө функциясы Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекцияга жүктөлгөн.

Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык, республика боюнча балдардын 26,7%ы балдар эмгегине тартылат. Мында эркек балдар кыздарга караганда көбүрөөк иштешет (33,6 жана 19%). Айыл жерлеринде жашаган балдар шаардык балдарга салыштырмалуу чарбалык иш-аракетке көбүрөөк катышат. Аймактар боюнча алганда, балдар эмгегинин эң жогорку көрсөткүчү Нарын областына (40,5%), ал эми эң төмөнкү көрсөткүчтөр – Бишкек (7,3%) жана Ош (6,1%) шаарларына таандык.

**Балдардын укуктарын ким коргойт?**

Үй-бүлө кодексине ылайык, 18 жашка чейин баланын укуктары ата-энеси тарабынан корголот. Андан кийин ал өз укук жана милдеттерин өз алдынча ишке ашырып, коргой алат.

Эгерде баланын укуктары ата-энеси же камкорчусу тарабынан бузулса, анда ал балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга өзү кайрылууга укуктуу. Ал эми 14 жашка толгон бала мындай учурда сотко да кайрыла алат. Баланын укуктарынын бузулуп жатканынан кабардар кишилер бул тууралуу тийиштүү органдарга билдирүүгө тийиш.

Балдардын укугун коргоочу мамлекеттик органдардын катарына төмөнкүлөр кирет:

- өкмөт,
- аткаруу бийлигинин органдары,
- жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары,
- соттор,
- прокуратура,

- Акыйкатчы.

Аталган органдардын ар бири балдардын жашоо-тиричилигин камсыздоо үчүн өзүнө тиешелүү функцияларды аткарат. Маселен, өкмөт балдардын укуктары менен милдеттерин камсыздоо жаатында мамлекеттик саясатты иштеп чыгат жана башка органдардын ишмердүүлүгүн координациялайт, ал эми жергиликтүү мамлекеттик администрациялар алардын укуктарынын сакталышына көзөмөл жүргүзүшөт.

2015-жылдан бери Социалдык өнүгүү министрлигинде балдарга күнү-түнү колдоо көрсөткөн – **111** номерлүү ишеним телефону иштейт. Республиканын бардык аймактарынан чалуу акысыз. Адистер телефон аркылуу кеңештер менен сунуштарды берет, ошондой эле психологиялык жардам көрсөтүшөт.

Кайрылуунун мүнөзүнө жараша, маселе мамлекеттик органдардын аны карап чыгып, чечүүгө компетенциясы бар тийиштүү аймактык бөлүмдөрүнө жиберилет. 2020-жылдын ичинде жалпысынан 137 миңден ашык кайрылуу келип түшкөн же суткасына 377 чалуу болуп турган.

**Эгер бала ата-энесиз калсачы?**

Бул учурда баланын муктаждыктары менен кызыкчылыктарын камкорчулары коргойт. Бирок, баланы камкорчуларга өткөрүп берүүдөн мурун, балдардын укуктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу орган потенциалдуу камкорчулар жөнүндө толук маалыматты: материалдык абалын, психологиялык саламаттыгын, мурда соттолбогонун жана башка жагдайларды тыкыр текшерип чыгат. Башкача айтканда, баланын жакшы турмушта жашоосу үчүн зарыл болгон бардык факторлор изилденет.

Эгерде баланы камкордугуна алуу же багып алуу мүмкүн болбосо, анда аны жетим балдар мекемесине өткөрүп беришет.

Улуттук статистика комитетинин маалыматына ылайык, 2020-жылы 14,3 миң бала башка үй-бүлөлөрдө тарбияланып, алардын 5,4 миңи – томолой жетимдер болсо, 8,4 миңи – камкордукка алынган жана 5,9 миң баланы – багып алышкан. 2019-жылдын ичинде 18 жашка толо элек 2 миңден ашуун жаш балдар менен өспүрүмдөр ата-энесинин камкордугунан ажыраган, алардын ичинен 592 бала – томолой жетим калган.

Жалпы жонунан камкордукка 1 055 бала алынып, 713 баланы асырап алышкан, алардын ичинен кыргыз үй-бүлөрлөрүнө – 700 бала жана чет өлкөлүк жарандарга – 13 бала берилген. 2019-жылы балдар үйүндө жана жетим балдар үчүн мектеп-интернаттарында 2 миңден ашуун жетим жана ата-энесинин камкордугунан ажыраган балдардын бар экени белгилүү болгон.

Республика боюнча жалпысынан түрдүү жеке менчик формасындагы 143 интернат мекемеси бар. Алардын ичинен 61 – мамлекеттик, 25 – муниципалдык, 45 – бейөкмөт уюмдар тарабынан уюштурулган жеке менчик жана 12 – диний мекеме.

**Эгер бала зомбулуктун курмандыгы болуп калсачы?**

Эгер бала зомбулуктун курмандыгы болуп калса, анда тийиштүү чечим сот тарабынан чыгарылат. Мамлекет медициналык жардамдан баштап юридикалык колдоого чейин керектүү бардык жардамды көрсөтүүгө тийиш.

Чыгымдар толугу менен республикалык бюджеттин эсебинен төлөнүп, кылмыш иши боюнча соттук чыгымдарга киргизилет. Андан соң алар балага зыян келтирген адамдардан төлөтүлүп алынат.

2019-жылы Улуттук статистика комитети эл аралык уюмдар менен биргеликте кластердик текшерүү жүргүзгөн. Анын жыйынтыгы боюнча, балдардын 23%на тарбиянын зомбулуксуз ыкмасы колдонулганы, 47,5%ы – физикалык жазалоого, ал эми 5,4% – ырайымсыз физикалык жазалоого дуушар болгону аныкталган. Балдардын 70%ы башынан психологиялык кысым көрсөтүү учурларын өткөргөн.

Сурамжылоонун натыйжалары балдардын 74,3%ы тарбиялоонун ар кандай зомбулукчу ыкмаларына дуушар болгонун, жана зомбулукчу жазалоо түрлөрүнө кабылган балдардын үлүшү жашы өскөн сайын жогорулаганын көрсөткөн. Физикалык жазалоо керек деп

эсептеген энелердин үлүшү 8,9%ды түзсө, физикалык жазалоого дуушар болгон балдардын үлүшү – 52,9%га жеткен.

**Мигранттардын балдары кантип корголот?**

Кыргызстандын Балдар жөнүндө кодексинде «эмгек мигранттарынын балдары» деген термин жок. 2019-жылы акыйкатчынын аппараты мигранттардын балдары дээрлик камкордугу жок калып жаткандыгына байланыштуу бул терминди киргизүү боюнча сунушун айткан.

Мамлекеттик миграция кызматынын 2018-жылга карата берген отчету на ылайык, кыргызстандык 640 миң мигрант Россияда эмгектенет. Жалпысынан эмгек миграциясында 710 миңге жакын кыргызстандык бар. Балдардын 4%га жакынынын ата-энесинин экөө тең чет өлкөдө. Балдардын ата-энесинин 12%нын ата-энесинин жок дегенде бирөө чет өлкөдө жашайт. Ата-энеси чет өлкөдө жүргөн балдардын көпчүлүк пайызы Баткен, Жалал-Абад, Ош областтарына жана Ош шаарына түшөт.

Балдар жөнүндө кодекске ылайык, эгер кайсы бир мекеме же адамдар баланын ата-энесиз калгандыгын билсе, сөзсүз бул тууралуу жергиликтүү мамлекеттик органга билдирүүгө тийиш. Ал болсо, өз кезегинде, 10 күндүн ичинде баланы коргоо боюнча план түзүп чыгат. Бирок акыйкатчынын докладында белгиленгендей, эмгек мигранттарынын балдарын атайылап издешпейт, аларды тандама социалдык өнүгүү органдары, ЖӨБ органдары жана балдар иштери боюнча комиссия аркылуу аныкташат. Тилекке каршы алар колдонгон чаралар жетиштүү деңгээлде натыйжалуу эмес.

«Мамлекеттик органдар тарабынан балдарга карата зомбулуктун алдын алуу жана көзөмөлдөө, ошондой эле оор турмушта жашаган балдарды аныктап чыгуу боюнча системалуу чаралар жок. Ушул категорияга мигранттардын да балдары кирет», – деп айтылат докладда.

**Балдарга карата жасалган кылмыштар үчүн кандай жазалар каралган?**

Кыргызстандын Жазык кодексинде балдарга карата жасалган кылмыш үчүн өмүр бою эркинен ажыратууга чейин барган катаал жазалар каралган. Мындан тышкары, балдарга каршы кылмыш иштери жазаны оорлоткон жагдайларга кирет.

Мыйзам балдарды эки категорияга бөлөт: жашы жете электер (18 жашка чейинкилер) жана жаш балдар (14 жашка чейинкилер). Эки категориядагы тең балдарга карата жасалган кылмыш үчүн жазалоо дээрлик бирдей. Кээ бир беренелер гана айырмаланып турат.

Жазык кодексине ылайык, кылмышкер:

- ден соолукка оор зыян келтирсе,
- кыйноо көрсөтсө,
- уурдап кетсе,
- 18 жашка чейинкилердин балдар эмгегин колдонсо,
- опузалоо менен порнобизнеске катыштырса

5 жылдан 7,6 жылга чейин эркинен ажыратылат.

Эгерде:

- сексуалдык мүнөздөгү аракеттер (зордуктоо) көрсөтүлгөн болсо,

10 жылдан 12,6 жылга чейин эркинен ажыратылат.

Кылмыш жоруктарынын көпчүлүк бөлүгү 15 жылга чейин эркинен ажыратуу менен жазаланат. Тагыраагы:

- уруп-согуу, кыйноо,
- зордук менен болгон донордук,
- жаш балдарга карата бузуку формада сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттери,
- жашы жете электерди сойкулукка тартуу,
- балдарды сатуу,
- жашы жете электердин балдар эмгегин пайдалануу.

Жаш балдарды зордуктоо жана өлтүрүү үчүн өмүр бою эркинен ажыратуу түрүндө жаза колдонулушу мүмкүн.

Борбор Азиядагы эң кеңири жайылган кылмыш – жашы жете элек кыздарды никеге турууга мажбурлоо үчүн – 5 жылга чейин эркинен ажыратуу каралган.

Кластердик текшерүүнүн натыйжалары боюнча, 2014-жылдан 2018-жылга чейин бак- кан кишилери тарабынан ар кандай жазалоого жана/же агрессияга дуушар болгон 1 жаштан 14 жашка чейинки балдардын үлүшү 23%га өскөндүгү белгилүү болгон.

Мында 609 бала катаал мамилеге жана зомбулукка кабылган. 2018-жылы гана ырайым- сыз мамиленин кесепетинен 13 бала көз жумуп, алардын ичинен 7 бала – туугандарынын катаал мамилесинен жабыркаган. Көп учурда мигрант ата-энелердин балдары мындай ма- миленин объектиси болуп калат.

**Баланын укуктарын коргоо боюнча мамлекет тарабынан кандай чаралар көрүлөт?**

Баланын укуктарын коргоо жана балдарга карата көрсөтүлгөн зомбулуктун санын кыскартуу максатында Кыргызстандын өкмөтү балдарга карата катаал мамилеге жана зомбулукка жол бербөө боюнча иш-чаралардын планын кабыл алган.

Планга ылайык, республикада эмгек мигранттарынын балдарын, оор турмуштук абалда жашаган балдарды кошуп, үй-бүлөнүн ичинде балдарга карата ырайымсыз мамиле жана зомбулукту аныктоо жана алдын алуу боюнча 528 райондук штабдын иши жаңыр- тылган. Натыйжада, 2019-жылдын баш жагында мигрант ата-энелердин балдарынын жалпы саны 102 миң 106 болуп аныкталган. Балдарга карата зомбулукка жол бербөө жана ата-энеси чет мамлекетке чыгып кеткен учурда камкордукка алуу боюнча түшүндүрмө иштери жүргүзүлүүдө.

Билим берүү маселесине келе турган болсок, көзөмөл үчүн мектеп жашындагы балдар менен өспүрүмдөрдү каттоонун жаңыртылган системасы колдонулуп жатат. 5 жаштан 16 жашка чейинки балдарды каттоо үчүн жергиликтүү өзүн өзү башкаруунун аткаруу органы- нын чарбалык дептерлериндеги маалыматтардын, убактылуу жашоочулардын тизмелери- нин, үй китептеринин жана турак жай башкармалыктарынын тизмелеринин негизинде атайы тизмелер түзүлөт. Мектеп директорлору болсо, өз кезегинде, бир жыл бою жерги- ликтүү билим берүү бөлүмүнө 10 күндөн ашык убакыттан бери жүйөлүү себепсиз окууга келбей жаткан окуучулар тууралуу маалымат берип турууга милдеттүү.

Бүгүнкү күндө эл аралык уюмдар балдардын укуктарын коргоо боюнча мониторинг жүргүзүп турушат. Алардын катарына UNICEF, USAID, Эл аралык эмгек бюросу жана башка уюмдар кирет.

Коомдогу ушул орчундуу койгойдон тез жана натыйжалуу турдо кутулууга баардыгы- быз туздон-туз милдеттуубуз. Анын ичинде эн биринчи катарда президент, министирлер кабинети жана коом катышып, козомолдоп жана башкарууга тийиш. Ушундай ырааттуулукта гана биз каалаган натыйжага жетишип, балдарга карата корсотулгон зомбулукту токтото алабыз жана биздин келечегибизге карата зомбулукту алдын ала алабыз. Анткени балдар – биздин келечегибиз.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси


1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматы. Ки- руу режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/57179
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети Кируу режими: http://www.stat.kg/
3. Кыргызстан-UNICEF Кирүү режими: https://www.unicef.org/kyrgyzstan/ru

4. Кыргыз Республикасы USAID Кируу режими: https://www.usaid.gov/ky/kyrgyz-republic

Абдуллаева Анара. Кыргызстан: Бала кандай укуктарга ээ жана алар кандайча корго- лууга тийиш Кирүү режими: https://cabar.asia/kg/author/anaraabdullaeva